## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2015-жылдын сентябрь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өткөн айга салыштырмалуу Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары - МКВ) жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 412,0 млн сомду түзүү менен 14,3 пайызга төмөндөтүлгөн.

Финансы рыногунун бул сегментинде коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн төмөндөшү алкагында суроо-талап көлөмү 16,1 пайызга, 275,9 млн сомго чейин төмөндөгөн. Мында, 12 айлык МКВлардын сатылышы 37,5 пайызга 140,0 млн сомго чейин төмөндөгөн, ал эми 6 айлык МКВлар 25,0 пайызга, 68,8 млн сомго чейин өскөн, мында 3 айлык векселдер рыноктун катышуучулары тарабынан суроо-талапка ээ болгон эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде өзгөрбөстөн 12,9 пайыз өлчөмүндө калыптанган. 6 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 12,2 пайызды (+0,2 п.п.), ал эми 12 айлык – 13,2 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү[1] өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 37,0 пайызга төмөндөө менен 69,0 млн сомду түзгөн, сатуу боюнча орточо аукциондук көлөм 25,2 пайызга, 104,4 млн сомго чейин төмөндөгөн.

Бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 16,2 млн сом өлчөмүндө калыптанган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде

[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

Финансы министрлиги тарабынан 172,1 млн сом суммасында (-7,8 пайыз) мурда эмитирленген МКВлардын ордун жабуу ишке ашырылган. Ушуга байланыштуу жыл башынан тартып айкын наркы боюнча сатуунун чогуу алгандагы көлөмүнө карата таза каржылоонун суммардык маанисинин катышы катары эсептелинген МКВ рыногунун натыйжалуулугу 0,0 пайызды түзгөн.

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Сентябрь'2014 | 10,1 | 5,8 | 10,1 | 10,3 |
| Октябрь | 10,9 | - | 10,0 | 11,2 |
| Ноябрь | 11,2 | - | 10,2 | 11,3 |
| Декабрь | 11,1 | - | 10,6 | 11,2 |
| Январь'2015 | 11,3 | 4,6 | 11,2 | 11,5 |
| Февраль | 12,0 | - | 11,7 | 12,0 |
| Март | 12,9 | - | - | 12,9 |
| Апрель | 12,8 | - | 11,9 | 13,1 |
| Май | 12,7 | - | 11,9 | 13,2 |
| Июнь | 13,0 | - | 11,8 | 13,2 |
| Июль | 13,1 | - | 12,0 | 13,2 |
| Август | 12,9 | - | 12,0 | 13,1 |
| Сентябрь | 12,9 | | 12,2 | 13,2 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.10.2014 | 3 060 110,0 | 2 175 413,0 | 71,1% | 822 132,0 | 26,9% | 1 400,0 | 0,0% | 61 165,0 | 2,0% |
| 01.11.2014 | 2 979 360,0 | 2 039 143,0 | 68,4% | 879 052,0 | 29,5% | 1 000,0 | 0,0% | 60 165,0 | 2,0% |
| 01.12.2014 | 3 036 650,0 | 1 797 448,0 | 59,2% | 1 180 052,0 | 38,9% | 1 000,0 | 0,0% | 58 150,0 | 1,9% |
| 01.01.2015 | 3 048 150,0 | 1 758 855,4 | 57,7% | 1 258 168,7 | 41,3% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.02.2015 | 3 084 670,0 | 1 763 575,4 | 57,2% | 1 289 968,7 | 41,8% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.03.2015 | 3 016 170,0 | 1 771 153,2 | 58,7% | 1 213 890,9 | 40,2% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.04.2015 | 3 045 170,0 | 1 737 808,8 | 57,1% | 1 281 075,3 | 42,1% | 1 000,0 | 0,0% | 25 285,9 | 0,8% |
| 01.05.2015 | 3 087 710,0 | 1 579 420,3 | 51,2% | 1 491 149,7 | 48,3% | 1 000,0 | 0,0% | 16 140,0 | 0,5% |
| 01.06.2015 | 3 066 260,0 | 1 559 035,7 | 50,8% | 1 490 034,3 | 48,6% | 0,0 | 0,0% | 17 190,0 | 0,6% |
| 01.07.2015 | 3 398 360,0 | 1 675 842,8 | 49,3% | 1 697 227,2 | 49,9% | 0,0 | 0,0% | 25 290,0 | 0,7% |
| 01.08.2015 | 3 580 210,0 | 1 871 881,5 | 52,3% | 1 681 413,5 | 47,0% | 0,0 | 0,0% | 26 915,0 | 0,8% |
| 01.09.2015 | 3 925 210,0 | 2 087 081,8 | 53,2% | 1 804 663,2 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 33 465,0 | 0,9% |
| 01.10.2015 | 3 893 960,0 | 2 032 681,8 | 52,2% | 1 827 363 | 46,9% | 1,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |